**«Окуу керемет» долбоорунун алкагында жүргүзүлгөн иштер**

Башталгыч класстардын усулдук бирикмесинде 7 мугалим эмгектенет.

1)Бакалова Фарида

2)Бекжанова Гүлзат

3) Орозалиева Анара

4) Дүйшөбаева Гүлзат

5) Сабыр кызы Гүлнур

6) Сегизекова Жыпаркүл

7) Куялиева Гүлбарчын

“Окуу керемет ” долбоору алкагында башталгыч класстардын мугалимдери иш алып барышат . Окуу жана математика сабактарында окуу керемет долбоорунун стратегияларын колдонуп сабак өтүшөт жана конкурустарды изилдөө иштерин жүргүзүшөт. Окуу керемет долбоору алкагындагы

**“ Изилдөө” долбоору**

**“Сыйкырдуу кийиз”**





**Изилдөөнүн максаты :** Окуучулар кийиздин пайда болушу , турмушта колдонулушу алардын түрлөрү мааниси тууралуу билишет.Изденүүчүлүгү жаратмандыгы өнүктүрөт . Кийизге маани берип колдонуу, улуттук баалуулук катары баалай билишет. турмушта

## Ушул максатка жетүү үчүн төмөнү милдеттер коюлду:

1.Кийиз , жүн жөнүндө сурамжылоо жүргүзүү

2.Кийиз эмнеден жасаларын аныктоо

3. Кийизден жасалган буюмдарды изилдөө

4.Кийиз кайсы жаныбардын жүнүнөн жасалат?


5. Койдун жүнүнөн эмнелер жасалат?

**Изденүүнүн актуалдуулугу : Кийиз кыргыздын , кийимдеринде баш кийимдеринде ,турак жайында колдонулат. Кийизден жасалган буюмдар кыргыздын улуттук өзгөчөлүгүн, тарыхын, турмушун көрсөтүп турат.**







Колдо жасалган кийизден боз үйдүн тутуусу (үзүк, туурдук ,түндүк жабуу,эшик тыш)

Токулгага (тердик ,ичмек ,ком, чом ,желдик )

Кийим (калпак ,чокой ),

Төшөнчү жана башка ар түрдүү үй тиричилик буюмдары (ала кийиз,шырдак ж.б)жасалат.

## Кийизден кандай нерселер жасалат?

**Кийиз буюмдар байыртадан эле пайдаланып келинген. Кийиз буюмдарынан боз үйдүн тутуусу, үзүк, туурдук, түндүк жабуу, эшик тыш, токулга, тердик, ичмек, ком, чом, желдик, кементай, калпак, чокой ,кийиз байпак, доолдай, белдемчи, төшөнчү, ала кийиз, шырдак, туш кийиз, өрө кийиз, аяк кап, табак кап, текче, күзгү кап, самын кап, уук учтук, сал аяк, үртүк, кийиз кап, куржун, баштык, сувенирлер жана башкалар кирип учурда кеңири колдонулат .**

## Жүндөн эмнелер жасалат?

**Кыргыз эли күзгү жүндөн кийиз өтүк ,калпак, кементай ,байпак, ком, тердик, желдик, ичмек, аяк кап, табак кап, күзгү кап, самын кап, уук учтук, баштык кап жана башка буюмдарды жасаган. Жазгы жүндөн жуурканга төшөккө тыш жана кышкы кийимдерге жүн салган.**

**Тема: Сыйкырдуу кийиз**

Изилдөөнүн максаты : Окуучулар кийиздин пайда болушу , турмушта колдонулушу алардын түрлөрү мааниси тууралуу билишет.Изденүүчүлүгү жаратмандыгы өнүктүрөт . Кийизге маани берип турмушта колдонуу, улуттук баалуулук катары баалай билишет.

**Изденүүнүн актуалдуулугу Кийиз кыргыздын , кийимдеринде баш кийимдеринде колдонулат. Кийизден жасалган буюмдар кыргыздын улуттук өзгөчөлүгүн, тарыхын, турмушун көрсөтүп турат.**

**Гипотеза : Кийиздин пайда болушу , турмушта колдонулушу тууралуу маалыматты көп адамдар билет болуш керек. Окуучулар да билиши мүмкүн .**

**Сурамжылоо: Окуучулардан ,ата-энелерден, башка кишилерден сурамжылоо жүргүзүү(ооз эки интервю же электрондук форма**

аркылуу) кийиздин колдонулушу ,мааниси , пайда болушу тууралуу билисизби? Канчалык деңгээлде эмнелерди билесиз?

**Сурамжылоонун жыйынтыгы :** 20 окуучу жана 20 окуучу катышты . Алардын 30% гана билери маалым болду.
Кийиз кыргыздын улуттук бренди.

**Алынган маалыматтын негизинде анализ жасоо:**

Биздин улуттук баалуулуктарбызды белгилеп турат. Андыктан бул теманы изилдөө маанилүү. Эмне үчүн кыргыздар кийизди пайдаланышкан? Эмне үчүн бүгүнкү күнгө чейин колдонуп келебиз?Алар эмнелерде колдонулат жана символикалык чечилиши барбы?

**Изилдөө**: кийиз тууралуу маалымат издөө изилдөө жүргүзүү , чоң энелерден, улуу адамдардан, интернет булактарынан, кол өнөрчүлөрдөн маалымат чогултуу.

**Табылган маалыматтарды топтоо:**

Кийизден жасалган буюмдар, кийим, баш кийимдерди же болбосо, Сүрөттөрүн мисал катары даярдоо.Колдонуу себептерин аныктоо. Кийиз жүн тууралуу маалымат табуу.

**Маалыматтар: Жүндүн негизги үлгүлөрү;** Кыргыздар үчүн жүн, кийиз кыргыз жашоосундагы негизги каражат болуп келген.Озүнүн мазмунук маңызы боюнча кийизден жасалган буюмдардын чексиз айкалыштары бар .

Азыркы күндө сапаты боюнча жүндүн төмөнкүдөй классификациясы белгилүү

1Уяң жүн

2.Чала уяң жүн

3.кылчык

Боёлгон жүн ,табигый түстөгү жүндөр

1.Кийиз паннолор ;

2.кийизди колдонуунун жана иштетүүнүн өркүндөө баскычы:

Анализ: Эмне үчүн кыргыз эли эмес , баардык элдер жашоо чөйрөсүнө жүн, кийизди колдонгон? Кийим( баш кийим, , чапан, белдемчи чыптама , бут кийим ,) Азыркы учурда сөйкө ,шакек, билерик ,кур, кемер жасалгалары ,үй тиричилик буюмдары ( боз үй , ичиндеги буюмдар –шырдак , ала кийиз , бешикке колдонгон , куржундар , башка үй оокаттары) идиш каптар, кашык каптар жабдуулар деги бүт кол өнөрчүлүктөн жасалган оокаттар –баарына жүн кийиз колдонулган. . Демек кыргыз өз жашоосун жүн кийизсиз элестетүү мүмкүн эмес,алар турмушта кеңири колдонулуп, функционалуу болгон.

Моделдөө – Эксперимент:

Кийизден жүндөн эксперимент – мастер класс- беретка жасап көрүү эсперименттин жасап көрсөтүү

Синтез- Бүгүнкү күндөгү кыргыздын улуттук жана заманбап кийиз буюмдарын алып чыгуу.

Салыштыруу- тарыхий буюмдардагы сүрөттөгү оймө чиймелер жана бүгүнкү биз колдонуп жүргөн кийиз буюмдарын салыштырып көрүү.( кийиз өтүк,калпак , боз үйдүн жабуулары (сүрөттөрүн да колдонуу)

Теманын актуалдуулугу- Бүгүнкү ааламдашуу заманында да этно стилиндеги буюмдар, кийимдер бренд болуп жатат. Кийиз, жүндөн жасалган экологиялык таза буюмдарды баалай жана мурасыбызды сактаган болобуз.АКШ,Германия ,Японияда,кыргыз шырдактары

**дүкөнү ачылган жана сувенир ,оюнчук дүкөндөрү ийгиликтүү иштеп жатат. Суроо талап жогору.**

**Жалпылоо:** **Бул биздин тарых бүгүнкү күндө да баалап колдошубуз керек. Ар бир кийизден жасалган буюмдарда кыргыздын тарыхы камтылган**

**Колдонулган адабияттар :интернет , интервю Мамбетова Бурул эже , сурамжылоо анкета .**



**Фин чилистен конкрусу «Окуу керемет» долбоору 4- класс**

**Куялиева Гүлбарчын**




**Конкурс 6 тур боюнча өтөт**:

**1-тур: “Өз колуң менен акча топтоочу буюм (копилка) жаса” (15 мүн.)**

**2-тур: Үй тапшырмасын коргоо (10 мүн.)**

**3-тур: “Блиц суроолор” (15 мүн.)**

**4-тур: “Биздин каржылык абалыбыз кандай?” (20 мүнөт)**

**5-тур: Акча чогултуу боюнча кеңештер (10 мүн.)**

**6-тур: Жыйынтыктоо.**

**СЫНАКТЫН ЖҮРҮШҮ.**

Катышуучулартегерекстолдордоотурушат, ар бир столдо командалардын аталыштары белгиленген: 1-стол - "Кирешелер" (1- команда); 2-стол - «Чыгашалар» (2-команда); 3-стол- «Аманат» (3-команда);

Алып баруучу (башталгыч класстын мугалими/жогорку класстын окуучусу) сынактын аталышын, анын максаттарын жана аны өткөрүү тартибин жарыялайт.

**1-тур: “Өз колуң мененакча топтоочу буюм (копилка) жаса” (15 мүн.)**

Шарты: Берилген материалдардан (ак жана түстүү кагаз, клей, кайчы, картон, степлер) символикалыкакча топтоочу буюм (копилка)жасап, аны коргоо.

Мындан ары мелдештин жүрүшүндө топтолгон "тыйындар" ушул копилкалардасакталат. Сынактын аягында ушулар саналып, жеңүүчүлөр аныкталат.

**2-тур: Үй тапшырмасын коргоо (10 мүн.)**

Катышуучулар өздөрүнүн командасынын атын коргоп, атына жараша презентация жасашат. Мисалы, "Киреше" командасынын мүчөлөрү 3 мүнөттүн ичинде үй-бүлөнүн кирешеси тууралуу баарын айтып бериши керек (же көрсөтүп, же ыр түрүндө, же макеттер аркылуу ж.б.). Командалар "15", "10", "5" номиналындагы "тыйындар" менен сыйланышат.

**3-тур: “Блиц суроолор” (15 мүн.)**

Командалар кезектешип суроолорго жооп беришет. Жооп берүүгө 5 секунд берилет. Эгерде команда бул убакыттын ичинде жооп бере албаса, суроо кийинки командага берилет. Ар бир туура жооп үчүн команда "5" номиналындагы “тыйын" алат.

1. **Биринчи кагаз акча качан пайда болгон? (**Жооп:Биринчи кагаз акча биздин замандын 910-жылы Кытайда пайда болгон)

2. **Дүйнөдө биринчи банк кайсы өлкөдө пайда болгон? (**Жооп:1661-жылы дүйнөдөгү биринчи мамлекеттик борбордук банк -Швеция банкы түзүлгөн).

3. **Ар бир өлкөнүн өзүнүн акчасы бар. Кыргызстандын акчасы кайсы? (**Жооп:сом)

4. **Жумушчуга жасаган эмгеги үчүн төлөнүүчү акча кандай аталат?**(Жооп:эмгек акы)

5. **Бизгепландаштырылбаганакчакоротпоого, мисалы, кандайдырбиркырсыктанкийиндарыланууга эмнежардамберет?**(Жооп:камсыздандыруу)

6. **Кыргызстандын өз валютасы – сому качан пайда болгон?**(Жооп:1993-ж.)

7. **20 сомдук купюрада ким тартылган? Жана кайсыбелгилүү кооз жер чагылдырылган? (**Жооп:Т.Молдо; Нарындагы Таш Рабат)

8. **50 сомдук купюрада ким тартылган? Жана кайсыбелгилүү кооз жер чагылдырылган?**(Жооп:Курманжан-датка; Өзгөндөгү мунара жана күмбөз тартылган)

9. **100 сомдук купюрада ким тартылган? Жана кайсыбелгилүү жер чагылдырылган?**(Жооп:Токтогул Сатылганов; Токтогул ГЭСи).

10. **Электрониканы, кымбат баалуу зер буюмдарды жана эстелик монеталардыжасоодо колдонулган баалуу металл колдонулат?**(Жооп:алтын)

11. **Бюджет деген эмне?**(Жооп:Сизде канча акча бар экенин жана анын канча бөлүгүн керектей ала турганыңызды аныктоого жардам берген план бюджет деп аталат)

12. **Копилка эмне үчүн деп ойлойсуңар?**(Жооп:Копилка күтүлбөгөн чыгымдарга же бир нерсе сатып алууга акча үнөмдөө үчүн керек. Копилкаакча топтоонунбиринчи эң оңой жана жеткиликтүү жолу деп айтсак болот).

13. **200 сомдук купюрада ким тартылган? Жана кандай көрүнүштөр чагылдырылган?**(Жооп:Алыкул Осмонов жана Ысык-Көлдүн панорамасы)

14. **500 сомдук купюрада ким тартылган? Жана кандай көрүнүштөр чагылдырылган?**(Жооп:Саякбай Каралаев;ТаластагыМанастын күмбөзү)

15. **1000 сомдук купюрада ким тартылган? Жана кандай көрүнүштөр чагылдырылган?**(Жооп:Жусуп Баласагын; Сулайман-Тоо)

16. **Сатып алууларды накталай акча –кассага купюралар жана монеталар аркылуу төлөмжүргүзүү жолу менен жүзөгө ашырабыз, же накталай эмес которуу жолу менен төлөйбүз. Бул учурда адамга кандай буюмдар керек болот?**(Жооп:Банк картасы/смартфонго орнотулган, банк картасыменен байланышкан атайын мобилдик тиркеме (сунушталган жооптордун баары туура деп эсептелинет).

17. **Алдамчылык жол менен элдин акчасын уурдаган адам ким?**(Жооп:шылуун)

18. **Адам өзүнө керектүү буюм, мисалы, унаа сатып алуу үчүн карызды кайдан алса болот?**(Жооп:банкка).

19. **2000 сомдук банкнотто эмненин сүрөтү бар?**(Жооп:Манастын эстелиги, боз үй, бүркүт, дарак, Хан-Теңир, Ысык-Көл)

20. **5000 сомдук банкнотто ким тартылган? Жана кандай көрүнүштөр чагылдырылган?**(Жооп:**Сүймөнкул Чокморов;** Бишкектеги Ала-Тоо аянты).

21. **Апасы баласына дүкөндөн канцелярдык буюмдарды - дептер жана калемдерди сатып алды. Апасы дүкөндө кандай иш кылды? (**Сатып алуу**). Дүкөн үчүн товарлардын сатылышы эмнени билдирет? (**Киреше**). Мектепке товар сатып алуу бир гана чыгаша эмес, инвестиция деп айтууга болобу? Ооба болсо, эмне үчүн?**(Жооп: Ооба, баланын билимине болгон инвестиция, ал келечекте анын кызыктуу жана жакшы акы төлөнүүчү жумушка орношуу мүмкүнчүлүгүн жогорулатат).

22. **Киреше деген эмне? (**Жооп:Бул үй-бүлөлүк бюджетке каражаттардын түшүүсү).
23. **Чыгымдар деген эмне? (**Жооп:булүй-бүлөлүк бюджеттен акча сарптоо**)**

24. **Сактоо деген эмне?**(Жооп:адам келечекте колдонуу үчүн сактаган акча)

**4-тур: «Биздин каржылык абалыбыз кандай?» Практикалык иш. (20 мүнөт)**

Ар бир топ тапшырма жазылган кагаз алат:

- Киреше жана чыгашалар менен бир айга үй-бүлөлүк бюджетти (суммасын көрсөтүү менен) түзгүлө (1-тиркеме)
- Калган акчаны санап, жылына 16% менен банктык депозитке 2 жылга салгыла.
- Ошол 2 жылдын ичинде депозиттен түшкөн киреше канча болот?
- Акчаны сактоонун (чогултуунун, үнөмдөөнүн) башка жолун сунуштагыла.

**5-тур: Акча чогултуу боюнча кеңештер (10 мүн.)**

Ар бир команда акча топтоо (чогултуу) боюнча 6 кеңешти сунуштайт. Эң оригиналдуу жана эффективдүү идеяларды сунуштаган команда жеңүүчү деп табылатжана алар 15 "тыйын" алышат.

**6-тур: Жыйынтыктоо.**

Ар бир команда өзүнүн копилкасын "ачат" жана андагы бардык "тыйындарды" санайт. Эң көп "тыйын" чогулткан команда жеңүүчү деп эсептелет.

Алып баруучу бардык катышуучуларга ыраазычылык билдирип, иш-чаранын жабылышын жарыялайт.

*ЭСКЕРТҮҮ:Өзүнүншартына жана каалоосуна жараша ар бир мектеп бул сценарийди өзгөртүп алса болот.*

**1-тиркеме.**

Бир айлык үй-бүлөлүк бюджет

| Киреше | Сом | Чыгаша | Сом | Калдык |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| Бардыгы: | | | | |

Окуу керемет долбоору

Математика сабагы «Түшүндүрүү жана негиздөө» стратегиясы

1-класс Дүйшобаева Гүлзат


Тема: Он ичиндеги сандарды кошуу жана кемитүү




«Окуу керемет»долбоору 2- класс Сабыр кызы Гүлнур

математика сабагы «Түшүндүрүү жана негиздөө» стратегиясы

Эки орундуу сандар. Ондуктар



3- класс Сегизекова Жыпаркүл

математика сабагы « Түшүндүрүү жана негиздөө» стратегиясы

